КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН АНЫКТАМАСЫ

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун
кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2026-жылдын 25-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы М.Э. Айтмырзаевдин катышуусунда, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, сот отурумунда Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусун карап чыкты.

Судья К.Дж. Кыдырбаевдин маалыматын угуп, арыз ээсинин өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

2026-жылдын 27-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Мыйзамынын (мындан ары – Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамы) 109-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 111-беренесинин Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 45-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Кайрылуунун мазмунунан жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, Конституциялык сотко кайрылууга 2026-жылдын 26-мартындагы аткаруу баракчасынын негизинде козголуп, 2025-жылдын 10-ноябрындагы Ош шаардык сотунун чечимин аткаруу максатында берилген Ош шаардык сот аткаруучулар кызматында жүргүзүлүп жаткан аткаруу өндүрүшү негиз болгон.

Аталган сот чечими менен Э.А. Алибаев аттуу жаранды жана аны менен чогуу жашаган үй-бүлө мүчөлөрүн Ош шаары, Н. Исанов көчөсү, 31а үй, 78-батир дарегинде жайгашкан турак жайдан чыгаруу жөнүндө токтом кылынган. Аткаруу документи боюнча өндүрүп алуучу катары “Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарынын айдоочулар союзу” коомдук бирикмеси (мындан ары – Союз) эсептелет.

Арыз ээсинин ырастоосу боюнча, жашаган жайынан чыгаруу жөнүндө чечим Союздун талаш-тартыштуу турак жайга карата менчик укугунан келип чыккан, ал доо талаптардын негизги материалдык-укуктук жүйөсү болгон.

Ошону менен бирге, М.М. Жорокулов 2026-жылдын 21-апрелиндеги Ош шаардык сотунун чечими менен Союз менен М.Ш. Козуев аттуу жарандын ортосунда 2015-жылдын 26-февралында түзүлгөн алмашуу келишими бузулганын белгилейт. Келишимдин предмети катары талаштуу батирди жана башка турак жайларды эки жер тилкесине алмаштыруу каралган.

Сунулган материалдардан көрүнүп тургандай, аталган жер тилкелери узак убакыт бою соттук талаш-тартыштардын предмети болуп келген. Тиешелүү соттук чечимдердин жыйынтыгында Ош шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 13-майындагы жана 2023-жылдын 18-июлундагы токтомдору менен аталган жер тилкелери муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилген.

Натыйжада, кайрылууда баяндалган жагдайларга ылайык, М.Ш. Козуев алмашуу келишиминде каралган мүлктү алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган.

Арыз ээси, аталган келишимдин бузулушунун натыйжасында талашылып жаткан батирге менчик укук М.Ш. Козуевдин тарабына таанылгандыгына, ал эми жашаган жайынан чыгаруу жөнүндө талаптарды канааттандыррууга негиз болгон Союздун менчик укугу токтотулгандыгына көрсөтөт.

Ошону менен бирге, М.М. Жорокулов белгилегендей, турак жайга карата менчик укугу таанылган М.Ш. Козуев аткаруу өндүрүшүнүн тарабы болуп саналбайт жана Э.А. Алибаев менен анын үй-бүлө мүчөлөрүн турак жайдан чыгаруу жөнүндө өз алдынча талаптарды койгон эмес.

Баяндалган жагдайларга байланыштуу арыз ээси өндүрүп алуучунун укуктук абалы кийинчерээк өзгөргөнүнө карабастан, жашаган жайынан чыгаруу жөнүндө мурда кабыл алынган сот чечимин аткаруунун уланышы колдонуудагы мыйзамдык жөнгө салуунун жетишсиздигин көрсөтөт деп болжолдойт.

Өз кезегинде, арыз ээси Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын аткаруу өндүрүшүн токтото турууга мүмкүн болгон учурларды аныктаган 109-беренесинин 3-бөлүгүнө шилтеме жасоо менен, алгачкы доо талаптары негизделген өндүрүп алуучунун мүлктүк укугу токтотулган учурда сот аткаруучунун аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жана аны андан ары ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко кайрылуу милдетин караштырган атайын ченемдик жобонун жоктугун белгилейт.

Мындан тышкары, кайрылуу субъектисинин пикири боюнча, талашылып жаткан жөнгө салуу аткаруу өндүрүшүнүн тараптарынын аталган маселени чечүү жөнүндө талап менен сотко өз алдынча кайрылуусун караштырбайт.

Ушундай эле жүйөлөрдү ал Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын аткаруу өндүрүшүн токтотуунун негиздерин белгилеген 111-беренесине карата келтирет. Анын пикиринде, өндүрүп алуучу тиешелүү мүлктүк укугун

жоготкон учурда аткаруу өндүрүшүн токтотууну караштырган жобонун аталган беренеде жоктугу аткаруу документин берүүгө негиз болгон материалдык-укуктук жагдайлардын өзгөргөнүнө карабастан андан ары аны аткарууга мүмкүндүк берет.

М.М. Жорокулов, аткаруу документи берилген сот актысы жокко чыгарылган учурда аткаруу өндүрүшүн токтотууну караштырган Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын 111-беренесинин 4-пунктуна өзгөчө көңүл бурат.

Арыз ээсинин пикири боюнча, мыйзам чыгаруучу аталган жобо менен сот актысы юридикалык күчүн жоготкон учурдун кесепеттерин жөнгө салган. Бирок аткарылууга тийиш болгон чечим кабыл алынгандан кийин башка сот актысы менен өндүрүп алуучунун материалдык укугу токтотулган учурларды укуктук жөнгө салуудан тышкары калтырган.

Арыз ээси, мындай мыйзамдык жөнгө салуу сот актыларынын өз ара ырааттуулугун талаптагыдай камсыз кылбайт, аларды аткарууда карама-каршылыктардын келип чыгышына жол берилет жана өзгөргөн жагдайлардын юридикалык маанисине соттун баасы жок сот аткаруучуга аткаруу аракеттерин улантуу мүмкүнчүлүгүн берет деп эсептейт.

Кайрылуу субъектиси ошондой эле конституциялык контролдоо органынын, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 29-октябрындагы, 22-ноябрындагы, 2014-жылдын 31-январындагы, 2017-жылдын 17-февралындагы, 2019-жылдын 16-январындагы жана 2020-жылдын 23-декабрындагы чечимдеринде баяндалган соттук коргоонун натыйжалуулугун жана сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгына, ошондой эле укуктук аныксыздыкка жол берилбестиги боюнча укуктук позицияларына шилтеме жасайт.

Арыз ээсинин ынанымында, аталган конституциялык кепилдиктер сот чечимдерин аткаруу учурунда келип чыккан мамилелерге да жайылтылууга

тийиш, анткени аткаруу өндүрүшү соттук коргоонун натыйжаларын жүзөгө ашыруунун керектүү баскычы болуп саналат.

Ушуга байланыштуу М.М. Жорокулов көрсөткөн аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун жана токтотуунун атайын негиздеринин жоктугун – укуктарды чектөөнүн өлчөмдөштүгү, мыйзам жана сот алдында теңдик, турак жайдан өзүм билемдик менен ажыратууга жол берилбестик жана соттук коргонуу укугу боюнча конституциялык кепилдиктердин бузулушу катары кабылдайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, арыз ээси талашылып жаткан ченемдик жоболорду Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту кайрылуунун мазмунун, арыз ээси келтирген жүйөлөрдү жана тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келет.

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан жүзөгө ашырылуучу конституциялык контролдоо мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын Конституциянын жоболоруна ылайык келүүсүн текшерүү аркылуу Конституциянын үстөмдүгүн камсыз кылууга багытталган.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ишти кароого негиз болуп, мыйзамдын же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө маселеде келип чыккан аныксыздык саналат.

Аталган конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 8 жана 9-пункттары кайрылууда аны кароонун конкреттүү негиздерин көрсөтүүнү жана арыз ээсинин укуктук позициясын тиешелүү конституциялык-укуктук негиздемеси менен баяндоо зарылдыгын караштырган.

Аталган жоболордун мааниси боюнча, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуунун негизи болуп талашылып жаткан ченемдик жөнгө салуунун конституциялуулугуна карата объективдүү негизделген күмөн саноонун болушу саналат. Мындай күмөн саноо кайрылуунун мазмунунан жана анда келтирилген укуктук жүйөлөрдөн келип чыгууга тийиш.

Мында арыз ээсинин колдонуудагы мыйзамдык жөнгө салууга макул эместиги, ошондой эле аны жаңы укуктук ченем менен толуктоо зарылдыгы жөнүндө божомолу өз алдынча конституциялык ченемдик контролду жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү негиз катары каралышы мүмкүн эмес.

Ошол эле учурда эгерде, мыйзамда белгилүү бир ченемдик жобонун жоктугунан же мындай жөнгө салуунун жетишсиздигинен улам Конституцияда кепилденген укуктарды жана эркиндиктерди жүзөгө ашыруу мүмкүн болбой калса же олуттуу түрдө кыйындаса, тиешелүү жагдайларда конституциялык-укуктук мааниге ээ болушу мүмкүн.

Ушундан улам, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин кароодо арыз ээси келтирген жүйөлөр конституциялык мааниге ээ болгон укуктук жөнгө салуунун жетишсиздигин тастыктап жатабы же ал тарабынан коюлган маселелер конкреттүү укуктук мамилелерде колдонуудагы мыйзамдарды колдонууга байланыштуубу деген маселе аныкталат.

Кайрылуунун мазмунунан көрүнүп тургандай, арыз ээси конституциялык укуктарынын болжолдуу бузулушун, аткарылууга тийиш болгон сот чечими кабыл алынгандан кийин өндүрүп алуучунун талаптары негизделген материалдык-укуктук жагдайлар өзгөргөн учурда аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун атайын негизинин жоктугу менен байланыштырат.

Бул жүйөгө баа берүү – аткаруу өндүрүшүнүн конституциялык багытын, сот актыларынын милдеттүүлүгүнүн укуктук табиятын аныктоону, ошондой эле сот менен сот аткаруучунун компетенцияларын ажыратып кароону талап кылат.

2. Укуктук мамлекеттин негизги талаптарынын бири болуп мыйзамдуу күчүнө кирген сот чечимдеринин милдеттүүлүгү саналат. Ал коомдук мамилелердин катышуучуларынын укуктук абалынын туруктуулугун, соттук коргоонун реалдуулугун жана коомдун сот адилеттигине болгон ишенимин камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, сот чечимин жокко чыгаруу, өзгөртүү же токтото туруу сот тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Конституциянын 101-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын сотторунун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдери бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

Көрсөтүлгөн конституциялык жоболор укуктук аныктык принциби менен ажырагыс байланышта болуп, ал соттук чечимдердин туруктуулугун, алардын юридикалык кесепеттеринин алдын ала болжолдуулугун жана биротоло чечилген талаштарды өзүм билемдик менен кайра кароого жол берилбестигин билдирет.

Соттук актынын милдеттүүлүгү тиешелүү укуктук мамилелердин катышуучуларына коюлган процесстик талап гана болбостон, сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун конституциялык кепилдиги да болуп саналат. Соттун чечиминин аткарылышын камсыз кылбоодо соттук коргоого болгон укук өзүнүн практикалык маанисин жоготот, анткени бузулган укукту таануу жана калыбына келтирүү мыйзамда көздөлгөн максатка жетпей калат.

Ошол эле учурда, сот чечиминин милдеттүүлүгү мыйзамдарда каралган тиешелүү укуктук абалды өзгөртүүчү жагдайлар келип чыкканга чейин анын юридикалык күчүнүн сакталышын болжолдойт. Ошондуктан сот актысынын мыйзамдуулугуна, жүйөлүүлүгүнө жана андан ары аткарылышынын мүмкүндүгүнө байланыштуу күмөн саноолор аткарууну жүзөгө ашыруучу

органдын ага өз алдынча кайра баа берүү аркылуу эмес, мыйзамда белгиленген процесстик механизмдер аркылуу чечилүүгө тийиш.

Мындай ажыратуу сот бийлигинин конституциялык табиятынан келип чыгат, ал сот чечимдерин аткаруучу органга анын компетенциясына кирбеген укук жөнүндө талаштарды чечүү жана сот чечимдеринин юридикалык күчүн өзгөртүү боюнча ыйгарым укуктарды берүүгө жол бербейт.

Бул контекстте аткаруу өндүрүшү аткаруу документтеринде камтылган милдеттүү талаптарды иш жүзүндө жүзөгө ашырууга багытталгандыгын, ал эми сот чечиминин материалдык-укуктук негиздерин кайрадан изилдөөнү камтыбагандыгын эске алуу зарыл.

Демек, аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдар өзүнүн укуктук табияты боюнча аткаруу аракеттерин жасоонун негиздерин, шарттарын жана тартибин белгилеген ченемдик көрсөтмөлөрдүн тактыгы, аныктуулугу жана ырааттуулугу менен мүнөздөлүүгө тийиш.

Мыйзамдык жөнгө салуунун мындай өзгөчөлүктөрү сот чечимдеринин кыйшаюусуз аткарылышын камсыз кылуу, сот аткаруучусунун өз билемдик менен чечим кабыл алуусуна жол бербөө, ошондой эле өндүрүп алуучу жана карызкор үчүн укуктук кесепеттердин алдын ала болжолдуу (белгилүү) болушуна кепилдик берүү зарылдыгы менен шартталган.

Аткаруу жол-жоболорунун так жөнгө салынышы аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларынын мыйзам алдындагы теңдигин камсыз кылуунун каражаты катары да саналат, анткени ал кызмат адамынын конкреттүү иштин жагдайларын субъективдүү түшүнүгүнө жараша окшош маселелерди ар башкача чечүүгө жол бербейт.

Ошол эле учурда, аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун жана токтотуунун негиздеринин ченемдик жактан аныкталышы өзгөчө мааниге ээ. Мындай негиздердин өзүм билемдик менен кеңири чечмелениши соттун чечимин аткаруунун негизсиз создуктурулушуна, өндүрүп алуучунун мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна жана жүзөгө ашырылган сот

адилеттигинин натыйжаларынын маанисин жоготушуна алып келиши ыктымал.

Мыйзамдар менен белгиленген тоскоолдуктар болгон учурда аткаруу аракеттерин негизсиз улантууга да жол берилбестиги андан кем эмес мааниге ээ. Мыйзамдык жөнгө салуунун тактыгы сот чечимдерин аткаруунун милдеттүүлүгү менен соттук коргоонун жеткиликтүү каражаттарын сакталышынын ортосундагы тийиштүү тең салмактуулукту камсыз кылууга тийиш. Дал ошондуктан, аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун негиздери мыйзамда жетиштүү деңгээлде так аныкталууга жана сот аткаруучуга берилген ыйгарым укуктардын чегинде гана колдонулууга тийиш. Сот аткаруучуга тараптардын материалдык-укуктук абалынын өзгөрүшүнө байланыштуу сот актысынын юридикалык маанисин сактап калышы жөнүндө маселени өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгүн берүү, иш жүзүндө ага сот тарабынан мурда чечилген талашка кайра баа берүү боюнча ыйгарым укуктарды берүү дегенди билдирмек. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу жана сот актыларын мажбурлап аткаруу функцияларынын мындай аралаштырылышы сот бийлигин уюштуруунун конституциялык негиздерине жана укуктук аныктык принцибине ылайык келмек эмес. Демек, аткаруу өндүрүшүн ченемдик жактан жөнгө салуунун тактыгы, биринчи кезекте, сот актыларынын милдеттүүлүгүн, аткаруу аракеттеринин мыйзамдуулугун жана жарандык жүгүртүүнүн туруктуулугун камсыз кылуунун зарыл шарты болуп саналат.

3. Сот аткаруучулар жөнүндө Мыйзамды системдүү талдоо мыйзам чыгаруучу аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун жана токтотуунун укуктук негиздерин жана кесепеттерин бул институттардын ар башка укуктук табиятын эске алуу менен айырмалагандыгын көрсөтөт.

Аталган Мыйзамдын 109-беренесинде аткаруу өндүрүшүн милдеттүү түрдө токтото турууга алып келүүчү учурлар, ошондой эле аны токтото турууга негиз боло турган жагдайлар каралган.

Мыйзамдын 111-беренеси аткаруу өндүрүшүн токтотуунун негиздерин белгилейт, ал эми ушул эле Мыйзамдын 113-беренеси тиешелүү маселелерди сот аткаруучу тарабынан кароонун тартибин аныктайт жана ал кабыл алган токтомдорго сот тартибинде даттануу мүмкүнчүлүгүн камтыйт.

Мындай айырмалоо юридикалык жактан негиздүү болуп саналат, анткени аткаруу өндүрүшүн токтото туруу жана токтотуу ар кандай укуктук кесепеттерге алып келет.

Токтото туруу аткаруу аракеттерин улантууга тоскоол болгон же белгилүү бир юридикалык маселени алдын ала чечүүнү талап кылган жагдайлар болгон учурда, аткаруу аракеттерин андан ары жүргүзүүнү убактылуу чектөөнү билдирет.

Ал эми аткаруу өндүрүшүн токтотуу мыйзамда белгиленген негиздер боюнча тиешелүү процесстин аякташын билдирет жана Мыйзамдын 112-беренесинде каралган укуктук кесепеттерге, анын ичинде мажбурлап аткаруу чараларын жокко чыгарууга жана токтотулган аткаруу өндүрүшүн кайра козгоого жол берилбешине алып келет.

Ушундан улам, аталган укуктук механизмдердин ар бирин колдонууда өзүнчө негиздердин белгилениши алардын юридикалык багытынын айырмачылыгы менен шартталган жана аткаруу өндүрүшүнүн андан аркы жүрүшүнө байланыштуу маселелердеги аныксыздыкты жоюуга багытталган.

Аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдар көбүн эсе мажбурлап аткаруунун тартибин жана аткаруу өндүрүшүнүн жүрүшүнүн негиздерин жөнгө сала тургандыгын, ал эми материалдык укуктардын келип чыгышы, өзгөрүшү жана токтотулушу, ошондой эле сот актысынын юридикалык күчү жана анын процесстик тагдыры жөнүндөгү маселелер жарандык жана жарандык процесстик мыйзамдардынын предметине кирерин өзгөчө белгилеп кетүү зарыл.

Жарандык мыйзамдар мүлктүн таандыгын, менчик укугун алуунун жана токтотуунун негиздерин, милдеттендирилген мамилелердин мазмунун, укук мураскерлигин, келишимдердин жараксыздыгынын жана бузулушунун

кесепеттерин, ошондой эле мыйзамда каралган жарандык укуктарды коргоо ыкмаларын жөнгө салат.

Өз кезегинде, жарандык процесстик мыйзамдар сот чечимдеринин мыйзамдуу күчүнө кирүү шарттарын, алардын милдеттүүлүгүнүн чектерин, даттануу жана кайра кароо ыкмаларын, сот актыларын жокко чыгаруунун же өзгөртүүнүн негиздерин, аларды аткарууда келип чыккан маселелерди чечүүнүн тартибин жана тиешелүү процесстик чечимдердин укуктук кесепеттерин аныктайт.

Ошону менен бирге, аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдар жана жарандык процесстик мыйзамдары өз ара системалуу байланышта болуп, укуктук жөнгө салуунун өз алдынча предметтерине ээ.

Биринчиси аткаруу документин ишке ашырууну камсыз кылууга багытталса, экинчиси сот актысынын юридикалык күчүнүн сакталышы, өзгөртүлүшү же токтотулушу жөнүндөгү маселелерди компетенттүү сот тарабынан чечүү жол-жоболорун белгилейт.

Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинде сот чечиминин мазмунун өзгөртпөстөн аны түшүндүрүү, анын аткарылышынын мөөнөтүн жылдыруу же бөлүп аткаруу, аны аткаруу ыкмасын жана тартибин өзгөртүү, ошондой эле мыйзамда каралган учурларда сот актысынын аткарылышын токтото туруу мүмкүнчүлүктөрү каралган.

Мындан тышкары, процесстик мыйзамдар менен мыйзамда белгиленген негиздер болгон учурда мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын жаңы ачылган же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароонун атайын жол-жоболору аныкталган.

Аталган механизмдер сот аткаруучу тарабынан өз алдынча жөнгө салынууга мүмкүн болбогон маселелерди чечүүгө багытталган, анткени алар сот чечиминин юридикалык күчүн козгойт же сот тарабынан чечилген материалдык-укуктук талаш үчүн мааниге ээ болгон жагдайларды изилдөөнү талап кылат.

Ушуга байланыштуу, өндүрүп алуучунун менчик укугунун кийинки өзгөрүшү же токтотулушу, ал укук соттун баштапкы чечимин кабыл алууда мааниге ээ болгон күндө да, бардык учурларда аткаруу өндүрүшүнүн андан аркы жүрүшүнүн өзгөрүшүнө автоматтык түрдө таасир эте албайт.

Мындай жагдайдын укуктук кесепеттерин белгилөө тиешелүү укуктук мамиленин мүнөзүн, сот актыларынын мазмунун жана юридикалык күчүн, алардын аткарылышынын убакыттык чектерин, мурда кабыл алынган чечимди кайра кароого негиздердин бар-жоктугун, ошондой эле жаралган укуктук маселени чечүү үчүн мааниге ээ болгон башка жагдайларды аныктоону болжолдойт.

Бул маселелер жарандык жана жарандык процесстик мыйзамдардын ченемдерин колдонууну талап кылат жана соттун компетенциясына кирет. Ал эми сот аткаруучу өндүрүп алуучунун материалдык укугунун токтотулушун аткарууну андан ары улантуудан баш тартууга негиз катары өз алдынча баалоого милдеттүү болгон ыкма, иш жүзүндө мыйзамда каралган процесстик жол-жободон тышкары сот актысынын милдеттүүлүгүн ашып өтүү мүмкүнчүлүгүн билдирмек. Ошондуктан талашылып жаткан жоболордо өндүрүп алуучунун мүлктүк укугунун өзгөрүшүнө байланыштуу аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун атайын негизинин каралбагандыгы өзүнөн өзү конституциялык жоболорго карабастан, укуктук жөнгө салуунун жетишсиздигин билдирбейт. Анткени мындай жагдайлардын укуктук кесепеттери мыйзамдардын башка тармактарынын ченемдери менен өз ара байланышта аныкталууга тийиш.

4. Арыз ээсинин эки сот актысынын ортосунда карама-каршылыктар жөнүндө дооматтарын карап жатып, Конституциялык сот алардын ар биринин өз алдынча укуктук маанисине жана сот чечимдеринин ортосундагы мүмкүн болгон карама-каршылыктарды жоюунун мыйзамда белгиленген тартибине көңүл буруу зарыл деп эсептейт.

Мурда соттук териштирүүнүн предмети болгон мүлккө же укуктук мамилеге тиешелүү кийинки сот актысынын кабыл алынышы өзүнөн өзү

мурда кабыл алынган сот чечиминин жокко чыгарылышын, өзгөртүлүшүн же юридикалык күчүн жоготушун билдирбейт.

Мыйзамда тиешелүү укуктук кесепеттер каралбаса, сот актысынын юридикалык күчү иш жүзүндөгү жагдайлардын же талаштын катышуучуларынын материалдык-укуктук абалынын кийин өзгөрүшүнө түздөн-түз көз каранды болбойт.

Кийинки кабыл алынган сот чечими мурда аныкталган жагдайларга же орун алган жарандык-укуктук мамилелерге баа берүү үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн, бирок анын алгачкы сот актысына тийгизген таасири процесстик мыйзамдарда белгиленген тартипте аныкталууга тийиш.

Ошондой эле мыйзамдуу күчүнө кирген сот чечими менен аныкталган жагдайлардын преюдициялык маанисин жана башка сот актысынын юридикалык күчүнүн сакталышы жөнүндө маселени ажыратуу зарыл.

Сот чечиминин преюдициялык мааниси процесстик мыйзамда белгиленген чектерде аныкталган жагдайларды милдеттүү түрдө эске алууга тиешелүү, бирок өзүнөн өзү мурда кабыл алынган сот актысын жокко чыгарууну же өзгөртүүнү билдирбейт.

Ошону менен катар башка сот чечими менен башка жактын менчик укугунун таанылышы алгачкы өндүрүп алуучунун мүлктүк укуктарын коргоого байланыштуу мурда кабыл алынган сот чечиминин жокко чыгарылышына барабар эмес.

Сот актыларынын ортосунда болжолдуу карама-каршылык келип чыккан учурда каралган талаптардын предметин жана негиздерин, тиешелүү иштерде катышкан адамдардын курамын, сот чечимдеринин резолютивдик бөлүктөрүнүн мазмунун, алардын мыйзамдуу күчүнө кирген учурун, аныкталган жагдайлардын юридикалык маанисин жана жаралган укуктук кесепеттердин мүнөзүн эске алуу зарыл. Көрсөтүлгөн жагдайларды изилдөө гана сот актыларында чындап эле бири-бирине шайкеш келбеген көрсөтмөлөр камтылганын же алар ар кандай мезгилдерге жана өз алдынча укуктук мамилелерге тиешелүү экендигин аныктоого мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда сот актыларынын ортосунда чыныгы карама-каршылык болгон учурда, анын чечилиши процесстик мыйзамдарда каралган сот актыларына даттануу, аларды кайра кароо же өзгөртүү боюнча жол-жоболор аркылуу жүргүзүлүшү керек, анда соттор тарабынан мыйзамда белгиленген негиздер болууга тийиш.

Мындай укуктук коллизияларды жоюу сот адилеттигин жүзөгө ашырууга кирет жана сот аткаруучуга жүктөлүшү мүмкүн эмес. Анткени сот аткаруучуга сот актыларын кайра кароо, кызыкдар жактардын ортосунда материалдык-укуктук талаштарды чечүү боюнча ыйгарым укуктар берилген эмес.

Сот аткаруучуга мыйзамдуу күчүнө кирген сот чечимдеринин кайсынысы артыкчылыктуу юридикалык мааниге ээ экендигин өз алдынча аныктоого мүмкүнчүлүк берүү сот актыларынын милдеттүүлүгүн өзүм билемдик менен ашып өтүүгө жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу органдар менен мажбурлап аткаруу органдарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү принцибинин бузулушуна өбөлгө түзмөк.

Мында сот чечимдеринин бири экинчисине алардын кабыл алынышынын кезектүүлүгүнө гана карата артыкчылыктуу юридикалык күчкө ээ боло албайт.

Демек, кийин кабыл алынган сот актысы тиешелүү мүлккө же укуктук мамилеге карата башкача тыянактарды камтыгандыгынын негизинде гана мурда кабыл алынган сот чечимин аткаруудан баш тартуу үчүн шартсыз негиз катары каралышы мүмкүн эмес. Эгерде кийин кабыл алынган сот актысы менен мурда кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугуна же жүйөлүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн болгон жагдайлар аныкталса, кызыкдар жактар мыйзамда белгиленген тартипте аны кайра кароо жөнүндө маселе коюуга укуктуу. Башкача айтканда, конкреттүү жагдай, анын ичинде өндүрүп алуучунун менчик укугунун кийин токтотулушу мурда кабыл алынган чечимди кайра кароого негиз боло алабы деген маселени аныктоо тиешелүү соттун гана компетенциясына кирет.

Чечимди кайра кароо үчүн мыйзамда каралган негиздер жок болгон учурда кызыкдар жактардын укуктук корголушу бузулган укуктун мүнөзүн жана коюлган талаптардын мазмунун эске алуу менен жарандык жана жарандык процесстик мыйзамдарда белгиленген башка ыкмалар аркылуу да жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Ушинтип, сот актыларынын ортосундагы мүмкүн болгон карама-каршылык анын табиятына жараша укуктук каражаттар аркылуу жоюлууга тийиш, ал эми материалдык-укуктук жагдайлар өзгөргөн сайын сот аткаруучунун өндүрүштү токтотуу боюнча жалпы милдетин белгилөө жолу менен чечилбеши керек.

Конституциялык сот сот аткаруучуга сот актыларынын бирин юридикалык күчүн жоготту деп таануу же милдеттүү күчүндө турган сот чечимин аткаруудан өзүм билемдик менен баш тартуу жолу аркылуу сот актыларынын ортосундагы карама-каршылыктарды өз алдынча чечүү боюнча ыйгарым укуктар берилбегендигин баса белгилейт. Дал ушундай системдүү мамиле сот чечимдеринин туруктуулугун камсыз кылат, аларды аткаруу өндүрүшүнүн алкагында кыйыр түрдө кайра кароого жол бербейт жана сот бийлигине болгон ишенимди бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

6. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүндө кепилденген соттук коргонууга болгон конституциялык укук – бузулган же талашылып жаткан укуктарды коргоонун жеткиликтүү жана натыйжалуу укуктук каражаттарынын камсыз кылынышын болжолдойт.

Ошол эле учурда көрсөтүлгөн конституциялык кепилдик мыйзам чыгаруучунун чектеш укук тармактарында келип чыгуучу бардык мүмкүн болгон юридикалык кесепеттерди бир ченемдик укуктук актынын алкагында толук жөнгө салуу милдетин билдирбейт.

Мыйзамдардын системдүүлүгү тиешелүү коомдук мамилелердин предметине жараша укуктук жөнгө салуунун ар кандай ченемдик укуктук актылардын ортосунда бөлүштүрүлүшүн болжолдойт.

Каралып жаткан контексте аткаруу өндүрүшүнө байланышкан маселелер атайын мыйзам менен жөнгө салынган. Ал эми жарандык-укуктук талаштарды чечүү, өзгөргөн мүлктүк мамилелердин юридикалык маанисин аныктоо, ошондой эле сот чечимдерин кайра кароо жана өзгөртүү жарандык жана жарандык процесстик мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

Көрсөтүлгөн ченемдик бөлүштүрүү соттук коргонууга болгон укукту чектөө катары каралышы мүмкүн эмес, анткени атайын жол-жоболордун камтылышы тиешелүү маселелердин компетенттүү сот тарабынан талаптагыдай каралышын камсыз кылууга багытталган. Мында соттук коргонуу укугу сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн гана эмес, ошондой эле мыйзамда белгиленген процесстик аныктыкты, соттук териштирүүнүн катышуучуларынын тең укуктуулугун жана сот чечимдеринин туруктуулугун камсыз кылуучу эрежелердин сакталышын да болжолдойт.

Ушуга байланыштуу арыз ээсинин Конституциянын турак жайдан өзүм билемдик менен ажыратууга тыюу салган 45-беренесинин 2-бөлүгүнө кайрылуусу талашылып жаткан жөнгө салуунун конституциялуулугуна күмөн саноону жаратпайт.

Албетте, мажбурлап чыгаруу турак жай укуктарынын конституциялык жактан корголуучу чөйрөсүн козгойт жана мыйзамдуу негиздер боюнча гана, белгиленген жол-жоболорду жана соттук коргонуу кепилдиктерин сактоо менен жүзөгө ашырылууга тийиш. Бирок юридикалык күчүн сактап турган чыгаруу жөнүндө сот чечимин аткаруу – кызыкдар жактын пикири боюнча чечилген талаш үчүн мааниге ээ болгон жаңы жагдайлар чечим кабыл алынгандан кийин келип чыккандыгынын негизинде гана турак жайдан өзүм билемдик менен ажыратууга теңдештирилиши мүмкүн эмес.

Арыз ээсинин Конституциянын мыйзам жана сот алдында теңдик принцибин бекемдеген 24-беренесинин 2-бөлүгүнө шилтеме жасоосу боюнча, кайрылуунун мазмунунан талашылып жаткан ченемдик жоболор аткаруу өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктук абалында негизсиз

айырмачылыктарды кандайча белгилеп жаткандыгы жөнүндө өз алдынча конституциялык-укуктук негиздеме келтирилгени көрүнбөйт.

Ошондой эле арыз ээси сунуштаган аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун атайын негизинин жоктугу Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн маанисинде конституциялык укуктарды өзүнөн өзү ченемсиз чектөөгө алып келерин ырастаган укуктук жүйөлөр келтирилген эмес.

Ошентип, арыз ээси тарабынан келтирилген талашылып жаткан жөнгө салуунун болжолдонгон кемчилиги жөнүндө жүйөлөр конституциялык жоболор менен зарыл болгон укуктук өз ара байланышта эмес.

Кайрылууда баяндалган жүйөлөр негизинен эки сот актысынын ортосундагы юридикалык өз ара байланышты, өндүрүп алуучунун мүлктүк укугунун өзгөрүшүнүн кесепеттерин жана конкреттүү аткаруу өндүрүшүндө коргоонун тийиштүү процесстик каражаттарын аныктоо маселелерине тиешелүү.

Сот аткаруучулар жөнүндө мыйзамдын 109-беренесинин 3-бөлүгүндө жана 111-беренесинде өндүрүп алуучунун менчик укугунун токтотулушуна байланыштуу аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун же токтотуунун өз алдынча негизинин каралбагандыгы өзүнөн өзү конституциялык-укуктук аныксыздыктын бар экендигин билдирбейт. Тескерисинче, колдонуудагы мыйзамдардын системдүү мазмуну сот чечимдерин мажбурлап аткаруу маселелеринин жана сот актыларынын юридикалык күчүнө жана аткарылышына таасир этиши мүмкүн болгон жагдайларды чечүү маселелеринин өз ара ажыратылгандыгын көрсөтүп турат.

Мындай ажыратуу аткаруу өндүрүшүнүн сот актыларын ишке ашыруунун так аныкталган механизми катары коюлган максатына ылайык келет жана сот аткаруучунун аларды өзүм билемдик менен кайра кароосуна бөгөт коет.

Демек, арыз ээси тарабынан коюлган маселе талашылып жаткан ченемдик жоболордун Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык

келүүсүнө байланыштуу аныкталган белгисиздиктен эмес, конкреттүү жагдайларга карата жарандык, жарандык процесстик мыйзамдардын жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдардын жоболорун өз ара ырattуу колдонуу зарылдыгынан келип чыккан.

Аталган жагдайларда кайрылуу Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 8 жана 9-пункттарынын талаптарына жооп берген зарыл конституциялык-укуктук негиздемени камтыбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуу үчүн мыйзамда каралган негиздер жок деген тыянакка келет.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1 жана 4-пункттарын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

А Н Ы К Т А Д Ы

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын "Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" Мыйзамынын 109-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 111-беренесинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 45-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Берилген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Ушул аныктама акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ